КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 8 -сессиясынын**

# ТОКТОМУ

“27” 06 2025-жыл №90 Кызыл-Суу айылы

**Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагындагы Кызыл-Суу айылындагы муниципиалдык менчикке алынган бош тилкелер, тоют ороосу ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына менчикке чыгаруу жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципиалдык менчикке алынган бош тилкелер, тоют ороосу ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына аукциондук негизде сатуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси Б.Миңбаевдин кайрылуусунун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн муниципиалдык менчикке алынган бош тилкелер, тоют ороосу ээлеген ордуларынын айылдын тургундарына аукциондук негизде сатуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси Б.Миңбаевдин кайрылуусу эске алынсын.

1.1.Кызыл-Суу айылындагы Комсомольская көчөсү №37 а-163.60 чарчы метр бош жер тилкеси.

1.2. Кызыл-Суу айылындагы Озерная көчөсү №8-1100,0 чарчы метр бош жер тилкеси.

1.3. Кызыл-Суу айылындагы №146 контурдагы жайыт эсебиндеги – 330,0 чарчы метр бош жер тилкеси.

1.4. Кызыл-Суу айылындагы №43 контурдагы – 300,0 чарчы метр тоют оросунун орду ээлеген жер аянттары Кызыл-Суу айылынын тургундарына аукциондук негизде сатууга коюлсун.

2.Айыл өкмөтүнүн алдындагы конкурстук комиссияга жана жергиликтүү кенешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияга белгиленген тартипте мыйзам чегинде өткөрүү жагы милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жергиликтүү кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

Төрайым Г. Чыныбаева